**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

# *Ачык сабак*

***Кептик тема: Кесибин с*үйгөн атактуу инсандар**

***Грамматикалык материал: Бир тутумдуу жаеа эки тутумдуу сүйлөмдөр***

***Мугалим:*** *Шабданова Айзада Ашымовна*

***2021 -2022- окуу жылы***

**10-б класс. Кыргыз тили. Сабактын планы.**
**Сабактын кептик темасы: Кесибин сүйгөн атактуу адамдар**
Грамматикалык тема: **Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр** (кайталоо)
**Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары:**
**Тилдик:** «Кесип,кесип тандоо, » темасындагы жаңы лексиканы өздөштүрөт, «кесип, кесип тандоонун өзгөчөлүктөрү» боюнча лексиканы активдештиришет.Бир жана эки тутумдуу суйломдордү оозеки жана жазуу кебинде туура колдонгонду үйрөнөт. Таяныч үлгүлөрдү колдонуп, ой жүгүртүү жөндөмдөрү өнүгөт.
**Кептик-катнаштык:** Ким эмне кылганды жакшы көргөнү, эмне үчүн жакшы көрөрү тууралуу сүйлөшөт. Окуганы боюнча өз пикирин айтат. Кептик үлгүлөр боюнча талкууга катышат. Кырдаалга жараша маалымат сураганга, жооп бергенге машыгат.
**Социо-маданий:** Жашоого, болгон кызыгуусу калыптанат,чыдамкайлыкка,эмгекчилдикке ата-энени сыйлоого,жардам берүүгө үйрөнүшөт. Туура жүрүм-турумга үйрөнөт. Топтордо, жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө, өз ара аракеттенүүгө көнүшөт.
**Сабактын ресурстары:** ОТК – «Кесип,кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр,медицина » темасындагы жаңы сөздүк боюнча визуалдык материал, графикалык уюштургуч, кептик үлгүлөр, сүрөттөр.
**Сабактын жүрүшү:**

| **Мугалимдин ишмердүүлүгү.<br>Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери, тапшырмалар жана көнүгүүлөр.** | **Окуучулардын ишмердүүлүгү.<br>Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары.** | **Комментарийлер** |
|---|---|---|
| **I. Сабактын киришүү бөлүгү. А) Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү.** | | |
| Саламдашуу. **Кырдаалдык көнүгүү**.Окуучулардын маанайларын сурайм. Балдар бири –бирине комплимент айтышат.<br>• **Мага сенин … … жагат.**<br>• **Мен сенин … баалайм.**<br>• **Мен сенин … суктанам.**<br>• **Мен сенин … жакшы көрөм** | Окуучулар жооп беришет. | Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда мугалим менен окуучулар эле эмес, окуучулар өз ара тыгыз карым-катнаш мамиледе болуусу шарт. Ошондуктан, салттуу учурашуудан айырмаланып, окуучулар бири-бири менен учурашуусун уюштуруу сабактын башында жагымдуу жагдайды гана түзбөстөн, окутуу процессин реалдуу коммуникация процессине жакындатат. |
| **Келгиле, балдар, сабактын темасын билели. Сүрөттөрдү карагыла,учкул сөздөрү окуп,бүгүнкү** | Окуучулар экрандагы сүрөттөрдү карап, **бул сүрөттөр,учкул сөздөр боюнча эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар?** деген суроого | Сабактын максаттарын коюуда максаттарды так белгилөө, ишке ашырыла турган милдеттерди аныктоо |

| | | |
|---|---|---|
| **темабызды аныктап алалы. Эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар? деген суроого жуптарда жооп издегиле. 1 мүнөт өз оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.**<br>(1 мүнөт убакыт өлчөп берет, саатта өзү үчүн белгилеп алат.) Орусча айтып берген болбойт. Сүрөттөгү тартылган буюмдарды, нерселерди түшүндүрбөйт, окуучулар өздөрү топтордо ой жүгүртүшөт.<br>Окуучулардын ойлорун угуп, мактап, колдогондон кийин, тилдик материалды кайталатам:<br>**атактуу инсандар, илимий эмгек, илимпоз,жан дүйнөнүн тынчтыгы, кайрымдуулук иштери,бейтап, оорукана, дабаа деген сөздөр,соз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.** Айрым окуучулар өз алдынча сүйлөмдөрдү оозеки айтышат. Калган окуучуларга кептик таяныч үлгүлөрдү сунуштайм. | жуптарда жооп издешет. Бири-бири менен ой бөлүшсүн. Сабактын темасы эмне жөнүндө экенин өз алдынча божомолдошот. Бүгүнкү сабактын темасын өздөрү аташат. “доктурлар жөнүндө”, “кесип темасында”, “кайсы кесип ардактуу” ,оорукана ж.б. божомол жасашсын. Тилдик материал менен иштөөдө орус тилдүү окуучулар үчүн кептик таянычтар:<br>Сабак оорукана .....<br>Кесип тандоо.....<br>Ар бир кесип....<br>Кесипти тандоодо....<br>Оорулуулар....<br>Албетте,таланттуу адамдар....<br>Оорулуу ден соолуктун баркын...<br>Адам бир канча кесип тандаса.... | гана маанилүү болбостон, максат коюу окуучунун сабакка кызыгуусун ойготууну да көздөгөндүктөн, окуучулар бүгүнкү сабакта эмне иштерди жана кантип аткарарын мугалим менен бирге талкуулап, сүйлөшүп алуусу керек. |
| **Сабактын максаттары менен тааныштыруу.**<br>Окуучулардын божомолунан кийин гана мугалим **бүгүнкү темабыз: «Кесибин сүйгөн атактуу инсандар»** деп жарыялайт. Сабактын максаттары жарыяланат. Мугалим окуучулардын пикирлерине жараша эки топко бөлүштүрөт. | **Окуучулар тема боюнча сабакка өздөрү максаттарды** /күтүлүүчү натыйжаларды коюшат**.**<br>**Мисалы**: ... жөнүндө сүйлөшөбүз деген суроолорго жооп берген сөздөрдү кайталайбыз. Маалымат сураганга, жооп бергенге машыгабыз. Аңгемелешебиз.<br>Тема боюнча сөздөрдү жазганды үйрөнөбүз.<br>туура жүрүм-турумга,адамдардын эмгектерин баалоого,ар бир кесип ардактуу экенин билебиз үйрөнөбүз.<br>. | Сабактын башталышында ишмердүүлүктү так жана туура уюштуруу аркылуу сабактын эффективдүү болушуна өбөлгө түзөбүз. Окуучулар эмне жумуш аткарарын, эмне үчүн муну аткара турганын, ал аракеттери кандай критерийлер менен баалана турганын билишсе, окутуу процессин мугалим менен кошо көзөмөлгө алып турушат. |
| **II. Сабактын негизги бөлүгү. Жаңы материалды өздөштүрүү. А) Чынжырча менен сүйлөшкүлө.** | | |
| **Үй тапшырмасын интерактивдүү оюн аркылуу текшерем.** 67-бет 7-көнүгүү эң...эң...э | **Мисалы:** 1-окуучу: Эң таттуу(сатуучу,кондитер,мompосуй) | |

| | | |
|---|---|---|
| н...оюну.Берилген сөз айкаштарына тиешелүү кесипти тандагыла | **2.Эң көп акчалуу (байлар,банкир,банк)**<br>**3.Эң коп чачтуу (кыздар,педиатр,мугалим)** | |
| **Б) Жаңы сөздөр менен иштөө** | | |
| Жаңы сөздөрдү үйрөнөбүз. Алар менен таанышкыла. (Слайд) Презентацияда котормосуз сөз үйрөтүү – семантизациянын ар кандай ыкмаларын колдоном. Лексика жана грамматикага үйрөтүү визуалдык материал менен коштолот.<br>**Сөздүк**:<br>жан дүйнө,бейтап,кайрымдуулук иштери,илимий эмгек.<br>(5 мүнөт) | Мугалим жаңы лексиканы презентация аркылуу өткөрөт. Окуучулар презентация учурунда жаңы лексиканы өздөштүрүшөт: алар сөздөрдүн маанилерин сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алышат, сөздөрдү туура окушат, кайталашат, хор менен да кайталашат, айрым учурда сөз айкаштарда колдонуп, сүйлөм түзүп кебинде активдештирет. | Окуучунун тилдик компетенттүүлүгүн өстүрүү максатында сөздүк ишин ийгиликтүү өткөрүүдө жаңы сөздөрдүн мааниси ар түрдүү жолдор (**семантизация**) менен ачылат. Жаңы лексика окуучунун кебинде бекемделип калыш керек. Ошондуктан окуучуга ушул учурда жаңы сөздөрдүн ар бирин өз кебинде колдонулушу үчүн мындай иштер зарыл: сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алуу, сөздөрдү туура окуу, жекече кайталоо, хор менен да кайталоо, сөз айкаштарда же сүйлөмдө колдонуу, сабак учурунда кептик кырдаалдарда кептик үлгүлөр аркылуу да, эркин да колдонуу. Ар бир жаңы сөздү ушул айтылгандардын кайсынысы менен бериш керегин мугалим чыгармачылык менен чечет. |
| **В) Машыктыруучу көнүгүү. Сөздөрдү темалар боюнча бөлүштүрүү. Жазуу иши** | | |
| Балдар, Текст таратылат,окуп чыгууга тапшырма берилет.Текст боюнча көнүгүүлөр иштетилет. | Окуучулар кичи топтордо сөз жана сөз айкаштарды окуп чыгышат, өз окугандары боюнча өз ара сүйлөшүп, темалар боюнча бөлүштүрөт. Жазып аткарышат. Топтор өз тапшырмасын класска окуп беришет. | **Жазууга үйрөтүү –** ойду жазуу түрүндө өз алдынча баяндап берүү компетенциясын калыптандыруу. |
| **Ш. Өтүлгөн материалды бышыктоо.** | | |
| **Ш. 1. Топторго көйгөйлүү суроо берилет..** (5 мүнөт)<br>1.Мен Э.Акрамовдун.....сапатына ээ болгум | Окуучулар өз алдынча өздөрүнүн позициясын билдирип,кептеринде бир тутумдуу жана эки тутумдуу сөздөрдү колдонуп,презентация | |

<table>
<tr><td colspan="2">келет,анткени...<br>2.мен Мамбет Мамакеевдин ....сапатына ээ болгум келет,анткени...бир тутумдуу,эки тутумдуу сүйлөмдөрдү **кептеринде колдонуп жазыш керек.**<br>**Жазган презентациялары боюнча ар бир топтон 2 ден окуучу тактага чыгып суйлоп бериш керек.**<br>**Баалоого критерийлер:**<br>Текстин айтып бергенине – 1 упайга чейин. Толук айтса – 1 упай, толук эмес – 0.5 упай.</td><td>жасоого аракеттенишет,ойлорун жазышат.талкууга катышышат.</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td>.</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">**IV. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия. Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу.**</td><td></td></tr>
<tr><td>– Эмнеге үйрөндүң?<br>– Эмнени билдиң?<br>– Эмне жакты / жаккан жок? Эмне үчүн?<br>– Сен үчүн эмнелер кызыктуу болду?<br>(1 мүнөт)</td><td colspan="2">• **Мен ... үйрөндүм.**<br>• **Мен ... билдим.**<br>• **Мага ... жакты. Себеби ... .**<br>• **Мага ... жаккан жок. Себеби ... .**<br>• **Мен үчүн ... кызыктуу болду.**</td><td>Ар бир окуучу сабактын аягында өзүн-өзү баалаганга мүмкүнчүлүк алат. Экинчи тилде бул ишмердүүлүккө кептик үлгүлөр сунушталыш керек. Ушул кептик үлгүлөр тактада көрүнө жерде илинип турса, сабактан-сабакка ал үлгүлөрдү колдонуу менен окуучу сабактагы өз ишин баалоого, жыйынтыктаганга үйрөнөт.</td></tr>
<tr><td colspan="3">**Сабактын максаттары канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныктоо.**</td><td></td></tr>
<tr><td>**Кесип,кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр,кесибин сүйгөн атактуулар** темасындагы сөздөрдү үйрөндүк. Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөрдү</td><td colspan="2">Максаттарды окуучулар сабактын башында мугалим менен кошо иштешсе, эми жыйынтыкты да чыгара алышат. Мугалим алар үчүн өзү сүйлөй бербеш керек.</td><td>Сабактын аягында окуучулар менен максаттар канчалык деңгээлде ишке ашканын аныктоо үчүн бир мүнөттүн ичинде кыска гана талкуу жүргүзүү керек.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| тилибизде колдоно алдык . Бири-бирибизге сылык мамиле кылдык. Критерийлер менен бааладык. | | |
| **V. Үйгө тапшырма берүү.** (“ Менин келечектеги кесибим” темасында эссе жазып келгиле. | Окуучулар тапшырма менен макул болуусу, туура түшүнүп, кантип аткаруу керектигин сурап алышы шарт. Ошондуктан берилген тапшырманы бир окуучу класска кайра түшүндүрсө, башка окуучу тапшырманы кайталайт. | |

**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси

## Тема: Кесибин сүйгөн атактуулар

# Грамматикалык тема: бир жана эки тутумдуу сүйлөмдөр (кайталоо)

## Мугалим: Шабданова Айзат Ашымовна

## Бишкек-2021

**Ачык сабакка өздүк анализ.**

Мен бүгүнкү сабагымда 10б-классты тандап алдым,себеби бул класс менен 5-класстан бери иштеп келе жатам.Менин тайпам улантуучу группа.Бүгүнкү мен ачык сабагымдын кептик темасы: “Кесибин сүйгөн атактуулар”,ал эми грамматикалык темам: “Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр ”(кайталоо)
Сабактын максаттарын 3кө бөлдүм.

1.Тилдик максат.

2.Кептик- катнаштык максат.

3.Социо маданий максат.

Окуучулар тилдик бирдиктерди түшүнүшөт,сөз айкаштарын түзө алышат,кеп үлгүлөрү менен сүйлөй алышат.о.э.текст боюнча тапшырмаларды аткара алышат,бири бири менен бирдиктүү иштеше алышат,угушат,ойлорун сыйлашат,кыргызча комплимент айтканды билишет.Класстагы менин тайпам улантуучу тайпа.Балдардын көпчүлүгү кыргыз тилдүү балдар.

Сабак балдарга кызыктуу болду,тема кесип тандоого багытталган тема болду.Себеби, балдар 10-класстын окуучулары,бир аз убактан кийин алар өздөрүнүн кесиптерин тандаш керек.Ошол нерсеге бир аз болсо да жардам болду го деп ойлойм,сабакта өз  кесибин сүйгөн адамдар жөнүндө маалыматтарды алышты,өмүр баяндары менен таанышышты,текст менен иштешти,текст боюнса тапшырмаларды аткарышты, кептеринде бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөрдү колдоно алышты,алардын айырмасын дагы бир жолу кайталап түшүнүштү.

Тема боюнча текст менен ищтөө болот,тестти окуп чыгышып,түшүнүшөт. Текстти окуп чыккандан кийин текст боюнча жазуу иштерин аткарышат.

Туура жана ката,текстте кайсы создөр колдонулган жок ж.б.

Менин бүгүнкү сабагым максатына жетти деп ойлойм.